# Аллахым, карызга батуудан, душмандын үстөмдүк кылуусунан жана табалоосунан сактоону Өзүңдөн сураназм

Абдуллах бин Амр бин Аас (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төмөнкү сөздөрдү айтып дуба кылчу: "Аллахым, карызга батуудан, душмандын үстөмдүк кылуусунан жана табалоосунан сактоону Өзүңдөн сураназм".
[Сахих (ишенимдүү)] [Ан-Насааи жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир канча иштен сактоону Аллахтан суранган: Биринчиси: "Аллахым, Сенден сураназмын" Сенден башкадан суранбайм "карызга батып кетүүдөн сакта" карыздын оордугунан, кыжаалатчылыгынан, кайгы-капасынан сакта. Карыздан кутулууга жардам берүүңдү сураназм. Экинчиси: "душмандын үстөмдүгүнөн" басмырлоосунан жана башчылык кылуусунан сакта. Душмандын зыянынан сактооңду жана жеңишке жеткирүүңдү сураназм. Үчүнчү: "душмандын таба кылуусунан" мусулмандардын башына түшкөн балээ, кыйынчылыкка кубанып карап туруусунан сакта.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5489

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee